3. Здоровье и жизненные навыки. Методическое пособие для учителей. [Текст] – Астана-Париж: ЮНЕСКО. 2015.
4. Каплина Е.В. Суициды в детско-подростковом возрасте: анализ проблемы и попытка психологического исследования / Вопросы психического здоровья детей и подростков. 2004. № 4. С.12-19
5. Наливайко Т.В. К вопросу осмысления концепции жизнестойкости // Вестник интегративной психологии, 2006. -№ 4. -С.45-54
6. Психология детей с отклонениями и нарушениями психического развития. [Текст] / Под.ред В.М.Астапова. СПб.: Питер, 2001.
7. Манхейм К. Избранное. Диагноз нашего времени. [Текст] / пер. с нем.и англ. / гл.ред.и сост. С.Я.Левит–М.: Юрист. 1994. – 700 с.
8. Мудрик А.В. Введение в социальную педагогику. [Текст] – М.: Педагогика, 1997.
9. Тесленко А.Н., Курманбаева М.Ж. Психологическая служба столичного образования: комплексный подход. [Текст] –Астана: ЦРОиПС «Астана дарыны, 2018. – 185 с..
10. 30 фактов о современной молодежи: исследование Сбербанка. [Текст] / http://www.sberbank.ru/common/img/uploaded/files/pdf/youth_presentation.pdf
11. Howe, N; Strauss, W. Millennials (2000) Rising: The Next Great Generation. N.Y. Knopf Doubleday Publishing Group – 220 p.
12. Об план мероприятий по укреплению семейных отношений, морально-этических и духовно-нравственных ценностей в РК на 2015–2020 гг. (утвержден распоряжением Премьер-Министра РК №139-р от 28 ноября 2014 г.). /

УДК 37.013
DOI 10.33514/1694-7851-2022-2-229-234

**Турсункулова Салтанат**
И.Арабаев атындагы КМУ, аспирант
**Турсункулова Салтанат**
КГУ им. И. Арабаева, аспирант
**Tursunkulova Saltanat**
KSU I. Arabaev, graduate student

# ОКУУЧУЛАРДЫН ПАТРИОТТУУЛУГУН МУЗЕЙ АРКЫЛУУ КАЛЫПТАНДЫРУУ БОЮНЧА ЭКСПЕРИМЕНТАЛДЫК ИШТИН НАТЫЙЖАСЫ
# РЕЗУЛЬТАТЫ ЭКСПЕРИМЕНТАЛЬНОЙ РАБОТЫ ПО ФОРМИРОВАНИЮ ПАТРИОТИЗМА УЧАЩИХСЯ ЧЕРЕЗ МУЗЕЙ
# THE RESULTS OF EXPERIMENTAL WORK ON THE FORMATION OF STUDENTS' PATRIOTISM THROUGH THE MUSEUM

**Аннотация:** Окуучуларга патриоттук тарбия берүү системасында уюштурулган максаттуу багыттагы музейдик-издөө ишмердүүлүгү субъекттин патриоттук аң-сезиминде жана ишмердүүлүгүндө ишке ашкан жана демилгенин жогорку деңгээлинде көрүнгөн, инсандын өзгөчө абалынын иштеп чыгуусуна таасир берет. Изилдөө процессинде андан ары атайын терең карап чыгууну талап кылган бир катар көйгөйлөр аныкталган. Алар: субъектте патриоттуулуктун калыптануусуна таасир берген куректык өзгөчөлүк (возрастной ценз),

жогорку рухий баалуулукту – патриоттуулукту ж.б. ассоциативдик кабыл алууну өзгөрткөн убакыт үзгүлтүгү.

**Аннотация:** Целенаправленная музейно-исследовательская деятельность, организуемая в системе патриотического воспитания учащихся, влияет на развитие особого состояния личности, которое реализуется в патриотическом сознании и деятельности субъекта и проявляется на высоком уровне инициативы. В ходе исследования был выявлен ряд вопросов, требующих дальнейшего углубленного рассмотрения. К ним относятся: возрастная особенность, влияющий на формирование патриотизма у субъекта, высшая духовная ценность – патриотизм и др. интервал времени, изменяющий ассоциативное восприятие.

**Annotation:** Purposeful museum research activities, organized in the system of patriotic education of students, affect the development of a special state of the individual, which is realized in the patriotic consciousness and activity of the subject and manifests itself at a high level of initiative. The study identified a number of issues that require further in-depth consideration. These include: an age feature that affects the formation of patriotism in the subject, the highest spiritual value - patriotism, and other time intervals that change the associative perception.

**Негизги сөздөр:** патриоттук тарбия, патриоттуулук, Ата Мекен, музей ишмердүүлүгү, интеграциялануу, эксперимент, гипотеза

**Ключевые слова:** патриотическое воспитание, патриотизм, Отечество, музейная деятельность, интеграция, эксперимент, гипотеза

**Keywords:** patriotic education, patriotism, Fatherland, museum activity, integration, experiment, hypothesis

Музейдин эффективдүүлүгү патриоттуулук жактан тарбия берүү каражаты катары каралгандыктан, эксперименттин жүрүшүндө биз анын эффективдүүлүгүнүн критерийлер системасын иштеп чыктык. Алар төмөнкүлөрдү камтыйт:

1. Музей ишмердүүлүгүнүн эффективдүүлүгү.
2. Музейдин окуу-тарбиялык процесс менен интеграциялануу деңгээли.
3. Окуучуларга патриоттук тарбия берүүнүн боюнча жыйынтыгы.

Ар бир критерий боюнча бир катар сандык жана сапаттык көрсөткүчтөр аныкталган (1-таблица).

**1-таблица. Музейдин эффективдүүлүгүнүн критерийи жана көрсөткүчтөрү окуучуларга патриоттук тарбия берүү каражаты катары**

| Критерийлер | Көрсөткүчтөр | |
|---|---|---|
| | **Сандык** | **Сапаттык** |
| 1. Музей ишмердүүлүгүнүн эффективдүүлүгү. | Патриоттук мазмундагы музейдик экспозициялардын өнүгүүсү.<br>– Музейдик активдүүлүктүн өсүшү (Мектепте патриоттук тарбия берүү системасында музейдин иш-чаралары). | Билим берүү процессинин катышуучуларынын музей ишин позитивдүү баалоосу. |
| 2. Музейдин окуу-тарбиялык процесс менен интеграциясынын деңгээли. | Музейдин мугалимдер жана окуучулар менен биргеликте иштөө формаларын өнүктүрүү. | Билим берүү процессинин катышуучуларынын музей ишин позитивдүү баалоосу. |

| | | |
|---|---|---|
| 3. Окуучуларга патриоттук тарбия берүү боюнча иштин натыйжалуулугу. | Билим көлөмүнүн өсүшү, анын негизинде инсандын жарандык-патриоттук баалуулуктарынын (интеллектуалдык деңгээли) калыптанышы. | Окуучулардын патриоттуулугунун калыптанышынын баалоо-эмоционалдык, көз-караштык жана жүрүм-турум деңгээли. |

Алгачкы эки критерийлер музей ишинин өнүгүшү менен түздөн түз байланышта болгон. Алар музейди уюштурууга, мазмунуна жана педагогикалык жактан жетектөөгө багытталган.

Андан да татаал структураны, үчүнчү критерий – окуучуларга патриоттук тарбия берүү боюнча иштин натыйжалуулугун көрсөтөт. Бул анын көрсөткүчтөрүн баалоо ар дайым эле объективдештирилген (сандык, цифралык) көрсөткүчтү алып жүрбөшү, көп учурда белгисиз убактылуу перспективада көрүнгөнү ж.б. менен байланыштуу.

Мисалы, патриоттук тарбия берүүнүн сандык көрсөткүчтөрүнүн критерийлери катары төмөндөгүлөр чыгат: интеграцияланган предметтик облустардын (тарых, коом таануу, кыргыз тил жана адабият, география, край таануу ж.б.) өздөштүрүлгөн билиминин көлөмү, анын негизинде инсандын жарандык-патриоттук баалуулуктары (жарандуулук, Ата Мекен, эл, патриот, баатырдык, ар-намыс жана абийир) калыптанат; билимди өздөштүрүү коэффициенти чен-өлчөм катары, анын жардамы аркылуу окуучулардын билиминин калыптанышынын деңгээлин баалоого жана салыштырууга мүмкүн.

Патриоттук тарбиянын сапаттуу көрсөткүчтөрүнүн критерийлери болуп, көрүнүшү белгилүү убакыттан кийин, жарандык иште жана жүрүм-турумда билинген, түз чен-өлчөмгө берилбеген, жарандык-патриоттук багыттагы билимдин толуктугу, тереңдиги, системдүүлүгү, тактыгы, жалпылыгы, бекемдиги жана түшүнүктүүлүгү саналат.

Окуучулардын патриоттуулугунун калыптангандыгынын жалпыланган критерийи болуп, аларда жарандык позициянын, Ата Мекенге, туулган жерине, элине болгон сүйүүнүн, жарандык жана инсанда адамзат абийирдин болуусу эсептелинет.

Окуучулардын патриоттук тарбиялуулугун өнүктүрүүнүн негизги багыттарынын көйгөйүн изилдөө, алардын инсан катары жарандык-патриоттук аң-сезиминин жана жүрүм-турумунун маанилүү мүнөздөмөлөрүн чагылдырган интеллектуалдык, баалоочу-эмоционалдык (оценочно-эмоциональный), көз-караштык, жүрүм-турум критерийлерин бөлүүгө мүмкүндүк берди.

Интеллектуалдык критерий окуучуларда жарандык-патриоттук багытта терең жана бекем билимдин болуусунда, аларды ар түрдүү абалдарда, адеп-ахлактык жана рухий баалуулуктарды колдонуу билгичтигинде, билимин өзүнүн жана айлана-чөйрөсүндөгү адамдардын жүрүм-турумун анализдөө үчүн колдонуусунда, ошондой эле таанып-билүү кызыкчылыктарын, өз алдынча ойлорунун системдүүлүгүндө, тереңдигинде, бекемдигинде көрүнөт.

Баалоочу-эмоционалдык критерий өзүнө окуучулардын адеп-ахлактык жана рухий баалуулуктарга болгон мамилесин; эмоционалдык сезимдеринин туруктуулугун, тереңдигин жана күчүн мүнөздөгөн баалоочу ойлорду; окуучуларда жарандык оң сапаттардын калыптанышын камсыз кылган, аларда калыптанган патриоттук сапаттардын (мекенге, туулган жерине, өз элине болгон сүйүүнүн, аларды коргоого болгон даярдыктын) болуусун камтыйт.

Көз караштык критерий окуучулардын дүйнөгө болгон көз карашы, өз алдынчалыгы, баатырдык, жарандык милдет, чыныгы жана жалган патриоттуулук тууралуу ой-пикиринин туруктуулугунун деңгээли; кылган иштин аң-сезимдүү максаты менен анын жетүү мотивдери жана каражаттары, окуучулардын өзү кылган ишине болгон критикалык мамилеси ортосундагы байланышты түзүү жөндөмдүүлүгү менен байланыштуу.

Жүрүм-турум критерийи окуучу тараптан коомго, адамдарга, теңтуштарына, өзүнө, эмгекке болгон жарандык-патриоттук багыттагы ар түрдүү мамилени, ошондой эле окуудагы жана коомдогу жүрүм-турум формаларынын туруктуу системасын камтыйт.

Патриоттук тарбия берүүнүн эффективдүүлүгүн баалоонун интегралдык критерийи «патриоттук туруктуу инсан» түшүнүгү боло алат [1].

Патриоттук туруктуу инсандын негизги көрсөткүчтөрү болуп адеп-ахлактык ишмердүүлүктө жана жүрүм-турумда көрүнгөн активдүүлүк, баарлашууда моралдын талаптарын аң-сезимдүү актуалдаштырууга болгон даярдык, инсандык баалуу жана коомдук маанилүү максаттарды ишке ашырууга түрткү берген талаптык-мотивдик структуранын мүнөзү, активдүүлүк жана аң-сезимдүүлүк саналат.

Патриоттук туруктуу инсан – бул адеп-ахлактык, укуктук аң-сезимдин жана жүрүм-турумдун бүтүндүгү.

Тарбиянын негизги максаты болуп моралдык тандоо абалдарда чечим кабыл алууга жөндөмдүү жана ошол чечим үчүн өзүнүн, референттик топ, өз мекени жана адамзат алдында жоопкерчилик ала алган инсандын идеалы кала берет.

Анын көрүнүшүндө биз окуучу өзүн патриот жаран катары түшүнгөндүгү тууралуу айта алабыз. Субъектте терең аң-сезимди калыптандыруу керек. Мисалы, туулган жерим Ата Мекенимдин үзүлбөгөн бир бөлүгү. Же «туруктуу патриоттуулуктун чек-арасынын» пайда болуусунда, же анын субъектте жаралышынын шартында, таанып-билүү муктаждыгынын, кызыгуунун эмоционалдык көрүнүшүнүн аң-сезимдүү мотиви пайда болот.

Экспериментибиздин жүрүшүндө алынган жыйынтыкты жогоруда аталган критерийлер жана алардын көрсөткүчтөрүнө ылайык жакшылап карап кетсек.

Патриоттук маанидеги музейдик экспозициялардын өнүгүүсү эксперименттин жүрүшүндө чечилүүчү негизги милдеттердин бири болуп саналат.

Музейлердин жыйнагынын баары негизги жана илимий-көмөкчү фонддордон турат. Музейдеги сакталган жана экспонатталган бардык материалдар музейдин фондун түзөт.

Музейдик фонддордун сандык жана сапаттык жактан эң баалуу жана маанилүү бөлүгү негизги фонд атын алып жүрөт. Бул жакка музейдик буюм статусуна ээ болгон, тарых жана маданияттын асыл нуска эстеликтери кирет. Негизги фонддогу буюмдарга буюм жана документалдык эстеликтер, жаратылыш объектилери, көркөм искусство эстеликтери ж.б. кирет.

Буюм типтерине казуунун натыйжасында алынган, ошондой эле кокустан табылган археологиялык материалдар: эмгек шаймандары, өндүрүш үлгүлөрү, куралдар, туулар, формалуу кийимдер, жашоо буюмдары жана кийимдер, ошондой эле кесиптик декоративдик-прикладдык искусствонун жана элдик чыгармачылыктын чыгармалары, мемориалдык буюмдар; нумизматикалык материалдар: тыйындар, боналар, мөөрлөр кирет.

Көркөм эстеликтерге ошондой эле тарыхый окуяларга жана кубулуштарга, илимдин тарыхы, географиялык ачылыштар менен байланышкан карталар, пландар, чертеждор кирет. Музейлерде кинопленкалар, магниттик ленталар чогултулат. Аларды музейдин негизги фондуна негатив болгондуктан киргизүүгө болбойт.

Фоножазуулардан музейлер негизги фондко граммофондор, патефондор үчүн пластинкаларды киргизе алышат.

Негизгиден сырткары, музейлерде ар түрдүү материалдардын татаал айкалышын билдирген, музейдик буюм статусу жок, б.а. тарыхтын жана маданияттын асыл нуска эстеликтери болуп эсептелбеген көмөкчү фонд чогулат. Көмөкчү фондко аткарылмалардын бардык түрлөрүнүн жана тезникалардын копиялары: муляждар, макеттер, диаграммалар, схемалар, моделдер жана репродукциялар, фото жана ксерокөчүрмөлөр, музейдин экспозиция, агартуучу жана пропагандалык иш үчүн жасалган материалдар кирет. Жетиштүү деңгээлде сакталбаган асыл нуска материалдарды да көмөкчү фондго киргизилет.

Эксперименталдык ишибиздеги музейдик фонддун жана экспозициялык базанын мазмунун жакшыртуунун негизги багыттары патриоттук тарбия берүүнүн жалпы максатын эске алуу менен да, ошондой эле мамлекеттик музейлердин өзгөчөлүгүн эске алуу менен аныкталган.

Өзүбүздүн эксперименталдык ишибизде биз, жардамчы каражаттар катарында Интернетти, өзүнө тарыхый материалдарды чогултууну жана анализдөөнүү, үй-бүлөлүк архивдер менен ишти, музейдин фондун толуктоо, ошондой эле тематикалык сабактарды, мектеп жана мектептен тышкаркы иш-чараларды даярдоо үчүн ардагерлердин, башка кызыктуу жердештердин айтылгандарын жаздыруу үчүн аудио жана видео жазууларын камтыган, мектептин долбоорлук ишмердүүлүгүн ишке ашыруу үчүн компьютерлерди колдонуу менен, музейлер үчүн материалдарды чогултууда жаңы технологияларды да тартып кеттик.

Музей иштерин активдештирүү, мугалимдер жана окуучулардан турган музей ишмердүүлүгүнүн мүчөлөрүнүн тегерегин кеңейтүү, коомдук жардамчыларды тартуу, изилдөөлөрдү, чыгармачылык-издөө иштерин өнүктүрүү эксперименттин жүрүшүндө, бизге, эксперименталдык музейлерибиздин фонддорун кеңейтүүгө жардам берди.

Музейдик активдүүлүктүн өсүшү, биринчиден мектептеги патриоттук тарбия жана билим берүү системасында музейдин өзү иш-чараларды уюштуруусу менен мүнөздөлөт. Эксперименталдык музейлердин ишинде ачык эшик күндөрү, көчмө көргөзмө-лекциялар, музейдин материалдарын колдонуу менен тарыхый-этнографиялык майрамдар салттуу болуп калган. Мисалы «Кыргыз элинин баатырлары», «Менин элимдин каада-салттары жана майрамдары», «Туулган жеримдин тарыхы инсандар жүзүндө» ж.б.у.с. темаларда көргөзмө-лекциялар өткөрүлгөн.

Музейлердин фондун өнүктүрүү, ошондой эле мектептеги музей ишинин активдүү мүчөлөрүнүн санын кеңейтүү мындай иш-чаралардын санын көбөйтүүгө мүмкүндүк берген. Окуучулардын мындай «көчмө» иш-чараларга катышуусу аларга өз жеринин жетишкендиктерин, музейдик экспонаттарды издөө жана коздоо боюнча өз эмгегин да сыймыктануу менен көргөзүүгө мүмкүндүк берген. Бул жарандык-патриоттук баалуулуктарды калыптандырууга таасир берди деп айтууга болот.

Издөө иштери окуучулар жазган докладдарда жана макалаларда берилген. Ал маалыматтарды башка мектептин мугалимдери, окуучулары жана ата-энелери колдоно алышат. Аталган методикалык материалдардын бир бөлүгү окуучулар уюштурган класстар аралык плакаттар конкурсунда колдонулган. Рефераттардын темалары иштелип, сунушталган. Класстан тышкаркы иш-чаралар, конкурстар жана тарыхый кечелер, экспозициялар башка айылдардагы метептердин окуу программаларын, музейлердин фондун толуктады. Изилдөөнүн жүрүшүндө окуучулар согуш ардагерлери алардын жашоосунда курчап келген

жөнөкөй адам эмес экендигин түшүнүштү. Алар ардагерлерди баатырдык тарабынан ачышты.

Улуу Ата Мекендик согушка, өз үй-бүлөсүнүн, өз айылынын, шаарынын, өлкөсүнүн тарыхынын призмасы аркылуу элдин эрдигине болгон мамиле сезимдик, эмоционалдык, инсандык-маанилүү мүнөзгө ээ болот. Мындай иш-чараларды өткөрүүдө биз, балдар класстан кайдай ой менен чыгат, мектептеги тарых сабагынан, туугандарынан жана мектеп докладдарында чыгып сүйлөгөн классташтарынан согуш жөнүндө эмнени билээрин эске алууга аракет жасадык.

Эксперименттин жүрүшүндө окуучулардын инсандык көз караштарынын сандык жана сапаттык жактан көрсөткүчтөрүн өлчөө үчүн төмөнкү суроолорго жооптор алынган.

1) Эмне себептен Мекенге болгон чыныгы сүйүү оор сыноолор болгон күндөрү билинет?

2) Ата-бабаларыбыздын башына түшкөн оор кыйынчылыктарга мен да тура аламбы? Мындай абалда адам кандай инсандык сапаттарга ээ болушу керек?

3) Кыргызстаныбыз күчтүү өлкө болушу үчүн эмне кылуу керек?

4) Патриоттуулук жана жарандуулук деген эмне?

5) Эрдик деген эмне?

6) Эгерде Кыргызстандан кетүү мүмкүнчүлүгү болсо, кандай себептерден улам…?

Ошондой эле окуучулар кабыл алган көз караштык баалуулуктар системасына мүнөздүү өзгөчөлүктөр өлчөндү. Булар патриоттуулук, элдин жана мамлекеттин территориалдык бүтүндүгү жана мекенди коргоо, достук, эмгек, улуттар аралык мамиле, ата-эне үйү, үй-бүлө, жумуш.

Кыргызстандыктардын учурдагы аскерге болгон терс мамилесине карабастан, биздин экспериментибиздин жүрүшүндө, ошондой эле 5-11 класстардын балдарынын аскердик кызматка болгон мамилеси патриоттуулуктун калыптануусунун жүрүм-турум деңгээлинин көрсөткүчү катары изилденген.

Окуучуларга жүргүзүлгөн сурамжылоонун натыйжасы патриоттук тарбиялоо боюнча өткөрүлгөн иш өспүрүмдөрдүн аскерге кызмат өтөөгө оң мамилесинин өсүшүнө таасир бергендигин көрсөткөн. Бул эксперименталдык мектептерде патриоттук тарбия берүү боюнча иштин эффективдүүлүгү тууралуу айтат.

Натыйжада, музей шартында жалпы билим берүү мекемелериндеги окуучуларга патриоттук тарбия берүү боюнча ишти уюштуруунун биз иштеп чыккан автордук моделди киргизүү жана тажрыйбалык жактан текшерүү боюнча экспериментибиздин жыйынтыгы анын эффективдүүлүгүн бекемдеп, музейдин заманбап окуучулардын патриоттуулугун калыптандыруунун каражаты катары маанилүү потенциалы тууралуу коюлган гипотезабызды далилдеди.

**Колдонулган адабияттар:**


1. Кострулева И.В. Содержание и организация патриотического воспитания учащихся в условиях регионализации образования. Автореф. дисс. ... канд. пед. наук. – Ставрополь, 2004.
2. Мамбетакунов, Э. Методология и качество педагогических исследований [Текст] / Э. Мамбетакунов. – Бишкек, 2006. – 107 с.
3. Мамбетакунов, Э.М. Структура научно-педагогического исследования [Текст] / Э.М. Мамбетакунов, Д. Айылчиева. – Бишкек, 1997.
4. Найманбаев М.Ж. Элдик чыгармалардын негизинде окуучуларды Ата Журтту сүйүү үлгүсүнө тарбиялоо // Эл агартуу, 2008. – № 3,4. – 50-56-бб
5. Ормонов Т.Идеи военно–патриотического воспитания в эпосе «Манас».– Ф.,1971.

УДК 37.012
DOI 10.33514/1694-7851-2022-2-235-241

**Турсункулова Салтанат**
И.Арабаев атындагы КМУ, аспирант
**Турсункулова Салтанат**
КГУ им. И. Арабаева, аспирант
**Tursunkulova Saltanat**
Kyrgyz State University named after I. Arabaev, graduate student

# МУЗЕЙ ШАРТЫНДА ОКУУЧУЛАРДЫН ПАТРИОТТУУЛУГУН КАЛЫПТАНДЫРУУНУ ДОЛБООРЛОО
# ПРОЕКТИРОВАНИЕ ФОРМИРОВАНИЯ ПАТРИОТИЗМА УЧАЩИХСЯ В УСЛОВИЯХ МУЗЕЯ
# DESIGNING THE FORMATION OF STUDENTS' PATRIOTISM IN A MUSEUM

**Аннотация:** Макалада педагогикалык долбоорлоонун жалпы теориялык позициялары, принциптери, методдору педагогикалык дизайндын принциптери, методдору каралды. Иштелип чыккан музей ишмердүүлүгүнүн процессинде окуучулардын патриоттуулугун калыптандыруунун уюштуруучу модели биринчиден, патриоттук тарбиялоо милдеттерин чечүүдө музейдин педагогикалык потенциалын эске алган. Аталган потенциал так педагогикалык каражаттарды, музейдик иштин негизги багыттарын жана формаларын түзөт.

**Аннотация:** В статье рассмотрены общетеоретические положения, принципы, методы педагогического проектирования, принципы и методы педагогического проектирования. Разработанная организационная модель формирования патриотизма учащихся в процессе музейной деятельности, прежде всего, учитывала педагогический потенциал музея в решении задачи патриотического воспитания. Названный потенциал составляет четкий педагогический инструмент, основные направления и формы музейной работы.

**Annotation:** The article deals with general theoretical provisions, principles, methods of pedagogical design, principles and methods of pedagogical design. The developed organizational model for the formation of students' patriotism in the process of museum activities, first of all, took into account the pedagogical potential of the museum in solving the problem of patriotic education. The named potential is a clear pedagogical tool, the main directions and forms of museum work.

**Негизги сөздөр:** патриотизм, патриоттук билим, патриоттук тарбия берүү, долбоорлоо, долбоорлоо технологиясы, музей шарты, пландаштыруу, илимий-изилдөө ишмердүүлүгүн уюштуруу.

**Ключевые слова:** патриотизм, патриотическое знание, патриотическое воспитание, проектирование, технология проектирования, условие музея, планирование, организация научно-исследовательской деятельности.

**Key words:** patriotism, patriotic knowledge, patriotic education, design, design technology, museum conditions, planning, organization of research activities.

Өз кезегинде патриотизмди калыптандыруунун долбоору мектептеги билим берүү (окуу-тарбиялык) процессинин негизги бөлүгү болуу менен, патриоттук тарбия берүү процессинин контекстинде биз тараптан каралат. Ушуга байланыштуу педагогикалык